КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

## Сүлүктү шаардык кеңешинин (алтынчы чакырылышы) Х сессиясы

## Токтом № 36

Сүлүктү шаары 31-январь 2022-жыл

**Сүлүктү шаарынын 2021-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2022-жылга жергиликтүү бюджети жана 2023-2024–жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө.**

Сүлүктү шаарынын 2021-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2022-жылга жергиликтүү бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу боюнча, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Сүлүктү финансы башкармалыгынын башчысы А.П. Келдибеков жана депутаттардын шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы К.Сапарбаевдин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Сүлүктү шаарынын 2022-жылга жергиликтүү бюджети жана 2023-2024-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолун (Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №60 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын 2021-жылга каралган жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы 71026,1 миң сом жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы 72337,4 миң сом өлчөмүндө аныкталсын жана 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2022-жылга Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетине кирешелер боюнча 61244,8 миң сом жана чыгашалар боюнча керектөөсү 61244,8 миң сом жана 2023-2024-жылдарга болжолу 63009,4 жана 64364,8 миң сом өлчөмүндө аныкталсын. Сүлүктү шаарынын 2022-жылга бюджети 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жыл ичиндеги бюджеттин жетишсиздигин толуктоо жана жергиликтүү каржы булактарын табуу боюнча жогорку органдардан суроо жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы №113 “Баткен облусунун статусу” жөнүндөгү мыйзамынын тийиштүү беренелерин аткарууга алуу жагы депутаттардын шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жана жергиликтүү аткаруу бийлигине жүктөлсүн.
4. Чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр, дары-дармектер, тамактануу, социалдык жөлөкпулдар жана коммуналдык чыгымдарга) жүргүзүлсүн.
5. Жергиликтүү бюджетке жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамынын негизинде жүргүзүлсүн, 2022-жылга чегерүүлөрдүн ченемдери төмөнкүлөрдөн белгиленсин:
    1) жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөрдөн: салык агенти тарабынан төлөнүүчү киреше салыгынан 100,0 пайыз өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерүү ченеми болуп бекитилсин. (тиркеме №3).
    2) Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салыктан (роялти), (стратегиялык пайдалуу кендерди: алтынды, мунайды, газды кошпогондо) алардын иштетилген жери боюнча (жайгашкан орду) боюнча шаардын тиешелүү жергиликтүү бюджетине – 50,0 пайыз өлчөмүндө №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
    3) Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салыктан, милдеттүү патенттөөнүн негизиндеги салыктан, бирдиктүү салыктын негизинде түшүүлөрдөн-шаарлар менен айылдардын жергиликтүү бюджеттеринин тескөөсүнө 100 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
    4) жер салыгынан жергиликтүү бюджет тескөөсүнө 100,0 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
    5) мүлк салыгынан жергиликтүү бюджет тескөөсүнө 100,0 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6) Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдүк өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүү- кендерди иштеп чыгуу жери боюнча жергиликтүү бюджетке 20 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

7) Жер казнасын пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым-кендерди иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү бюджетке 7 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. 2022-жылга Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда салыктын ар бир түрү боюнча пландык келип түшүүлөрдөн чегерүүлөрдүн бекитилген ченемдеринин чектеринде ашыра аткаруу болжолдору болгондо жалпы мамлекеттик салыктардын суммаларын бөлүштүрүү бекитилсин. Салык мыйзамында көрсөтүлгөн киреше салыгынын жана башка алынуучу салыктын бекитилген пландык көрсөткүчтөрү ашыра аткарылганда, ашыра аткаруунун суммасы белгиленген тартипте толугу менен жергиликтүү бюджетке чегерилсин.
7. Жергиликтүү салыктык жана салыктык эмес жыйымдардан келип түшкөн жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка деңгээлдеги бюджеттерге (республикалык бюджетке) алынууга жатпайт.
8. Бюджеттик мекемелерге казына тутумун четтеп өтүү менен атайын каражаттарды пайдаланууга тыюу салынсын. Көрсөтүлгөн тартип бузулганда атайын каражаттын 100,0 пайызы Республикалык бюджеттин кирешесине алынат негизи «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга Республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндөгү» 26-декабрь 2018-жылдын №112 Мыйзамы.
9. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн орто мектептери жана балдар бакчаларында ата энелер тарабынан камкордук көрүү кенеши түзүлүп, шаардык банктардан эсеп счетторун ачып иш жүргүзүү жагы уюштурулсун.
10. 2022-жылга шаардын бюджетинин чыгымдарын каржылоо анын киреше бөлүгүнүн аткарылышына жараша жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.
11. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2021-жылдан калган, бош акча каражаттарын 2022-жылдын бюджетинин эсебинде жана чегинде, депутаттардын шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын макулдугу жана Сүлүктү шаардык мэриясынын буйрутмасынын негизинде каржылансын.
12. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 24-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык мэриясынын резервдик фонду 1 пайыз өлчөмүндө жана 2022-жылга резервдик фондунун суммасы 565,7 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
13. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2022-жылда жүргүзүлүүчү кассалык накталай акчасы 200,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.
14. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 “Жарандык коргонуу жөнүндө” Мыйзамы, Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын 2010-жылдын 8-январындагы №7-15/5 сандуу көрсөтмөсүнүн жана Баткен областтык кырсыктан сактоо башкармалыгынын 2009-жылдын 22-декабрындагы №424 катынын негизинде 2022-жылы өзгөчө кырдаалдан сактануунун жана алардын алдын алуу иштерине каржылоо (өзгөчө кырдаал киргизилген учурда) 100,0 миң сом өлчөмүндө №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
15. 2022-жылга Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 Мыйзамы жана 2010-жылдын 20-июлундагы №239 “Жарандарды коргоо жөнүндөгү” Мыйзамынын негизинде иш-чараларды жүргүзүүгө жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоо (атайын буйрук чыккан учурда) 100, миң сом өлчөмүндө №6 тиркемеге ылайык бекитилсин.
16. 2022-жылга Сүлүктү шаардык мэриясынын аппаратынын типтүү түзүмү жана штаттык саны, (КР Токтому 05.08.2011-ж. №451, 08.07.2013-ж. №403, 5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 жана 13.12.2016-ж №669, КР. Мыйзамы 09.02.2009-ж №43 41-берене) №7 тиркемеге ылайык бекитилсин.
17. 2022-жылга Сүлүктү шаардык кеңешинин типтүү түзүмү жана штаттык саны (КР Өкмөтүнүн токтому 05.08.2011-жыл №4525.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22) №8 тиркемеге ылайык бекитилсин. 2022-жылга Сүлүктү шаардык Кош-булак посёлкасынын аймактык башкаруусунун типтүү түзүмү жана штаттык саны, (КР Өкмөтүнүн токтому 10.09.2009-ж №566,5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22) №9 тиркемеге ылайык бекитилсин.
18. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 жана 2017-жылдын 7-августундагы №466 Токтому менен бекитилген жобонун негизинде Сүлүктү шаардык мэриясынын жана шаардык кенештин муниципалдык кызматчыларына эмгек тармагындагы кезектеги кадамды ыйгаруу Сүлүктү шаардык мэриясынын жана шаардык кенешинин чечимдеринин, буйруктарынын негизинде төлөө жагы каралсын.
19. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу, бюджеттик мекеме ишканалардын кызматкерлеринин адистик кесиптерин жогорулатууга сапарга болгон чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11-май 2016-жылындагы № 241 Токтомунун негизинде төлөө жагы каралсын.
20. Бюджеттик мекеме ишканалардын 1-январь 2022-жылга болгон кредитордук карыздары жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн пландан ашыкча түшкөн акча каражаттарынын жана республикалык бюджеттен каржылануучу трансферттердин эсебинен төлөө жагы каралсын.

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүндө болгон дебитордук карыздар жана 2022-жылга жергиликтүү бюджетке түшүүчү киреше бөлүгү, штаттык бирдиктери, негизги сметасынын чыгаша бөлүгү №10, №11, №12 тиркемелердин негизинде бекитилсин.

22. Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасына, шаар аймагын тазалоочу, бакчы, электрик, грейдер айдоочу, куруучу-оңдоп түзөөчү, жана жүктөөчү үчүн 17 штаттык бирдик жана эмгек акысына дем берүү жагы каралсын №13 тиркеменин негизинде бекитилсин.
23. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы №113 "Баткен облусунун статусу" жөнүндөгү мыйзамын 13-беренесинде көрсөтүлгөн (билим берүү жана маданият обьектерин каржылоону жергиликтүү бюджеттерден республикалык бюджетке которуу) негизинде, маданият бөлүмүндө разделинде олтурган эс алуу багынын (мекеме) 7 штаттык бирдигин Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасына өткөрүп берүү №14 тиркеменин негизинде бекитилсин.
24. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы №113 "Баткен облусунун статусу" жөнүндөгү мыйзамын 13-беренесине (билим берүү жана маданият обьектерин каржылоону жергиликтүү бюджеттерден республикалык бюджетке которуу) ылайык, 1.Сүлүктү шаардык маданият бөлүмүнө караштуу, *шаардык китепкана, шаардык музей, маданият сарайы, маданият бөлүмүнүн аппараты жана эсепканасы*. 2. Шаардык мэриянын астындагы *физкультура жана спорт мекемеси*. 3. Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу *шаардын бала бакчалары, шаардын мектептери, балдар чыгармачылык борбору, ШБББнүн эсепканасы жана аппараттарын* каржылоосу республикалык бюджетке өткөрүлүп берилсин.
25. 2022-жылга Сүлүктү шаардык "Шахтер жолу" газетасынын атайын эсебинин киреше бөлүгүнүн тартыштыгына байланыштуу 3 (үч) штаттык бирдик жергиликтүү бюджеттин эсебинен (5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 Токтомдорунун негизинде) №15 тиркемеге ылайык бекитилсин.
26. Сүлүктү шаардык Социалдык өнүгүү башкармалыгынын КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-июнундагы №276 Токтомунун негизинде республикалык каржылоого өткөндүгүнө байланыштуу "калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул" төлөмдөрү шаардык мэрия тарабынан жүргүзүлсүн.
27. Жергиликтүү мекеме ишканаларга демөөрчүлүк (спонсорский), гуманитардык жардам иретинде берилүүчү акча каражаттары ишкананын атайын эсеби (спец.счет) аркылуу түшүрүү жагы каралсын жана аны көзөмөлдөө жагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине жүктөлсүн.
28. Бюджеттик мекеме ишканалардын колдонулбай калган статьясынан керектүү (зарыл) статьяга жылдыруу 300,0 мин сомго чейин шаардык кенештин туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде каралсын.
29. Шаардын социалдык тармактарын оңдоп түздөө үчүн түзүлгөн долбоорлорду колдоо максатында республикалык бюджеттен берилүүчү түрткү берүүчү гранттарга 2022-жылга 15 пайыз эсебинде өздүк салымы жергиликтүү бюджеттен каралсын.
30. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинен 2022-жылга **COVID-19** илдети менен күрөшүүгө кошумча каражат талап кылынса, шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын жана Сүлүктү шаардык мэриясынын чечимдери менен ишке ашырылсын.
31. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **К. Мадаминов**

*Тиркеме №1*

**Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2021-жылга бекитилген планы жана аткарылышы**

| | Салыктардын жана салык эмес төлөмдөрдүн аталыштары | 2021-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Такталган планы | Аткарылышы | Айырмасы (+,-) |
| | **Жалпы киреше жана алынган расмий трансферттер** | **70156,2** | **71026,1** | **869,9** |
| | **Киреше жана актив, милдеттенмелер (1+3)** | **67406,2** | **69574,6** | **43223,0** |
| **1** | **Кирешелер** | **67406,2** | **69574,6** | **4223,0** |
| **11** | **Салыктык кирешелер** | **43015,5** | **47238,5** | **4223,0** |
| 11111100 | Салык агенти толоочу киреше салыгы | 32074,0 | 35814,6 | 3740,6 |
| 11111200 | Бирдиктуу салык декларациясы боюнча киреше салыгы | 13,6 | 16,6 | 3,0 |
| 11122100 | Милдеттуу патенттин негизинде салык | 263,3 | 263,4 | 0,1 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 3385,5 | 4211,7 | -40,7 |
| 11311200 | Ишкердик ишин жургузуу учун пайдаланылган кыймылсыз мулкко салык 2-топ | 228,3 | 218,1 | -10,2 |
| 11311300 | Ишкердик ишин жургузуу учун пайдаланылган кыймылсыз мулкко салык 3-топ | 0,4 | 2,6 | 2,2 |
| 11312 | Транспорттук каражаттарга салык | 2941,8 | 3130,8 | 189,0 |
| 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу жер салыгы | 285,0 | 338,8 | 53,8 |
| 11321200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу учун жер салыгы | 3,5 | 1,9 | -1,6 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу учун жер салыгы | 1407,3 | 1414,9 | 7,6 |
| 11412100 | Сатуудан салык | | | |
| 11442130 | Комур | 1571,6 | 1865,6 | 294,0 |
| 11442390 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металл эместер | | | |
| 11442490 | Дагы башка жер астындагы суулар | 15,0 | 0,0 | -15,0 |
| **13** | **Алынган расмий трансферттер** | **4108,0** | **4108,0** | **0,0** |
| 13321200 | Республикалык бюджеттен оз ара эсептешуулор боюнча откорулуп берилуучу каражаттар | 4108,0 | 4108,0 | 0,0 |
| **14** | **Салыктык эмес кирешелер** | **20282,7** | **18228,1** | **-2054,6** |
| 14151100 | Пайдалуу кен чыккан жерлерди же казып алынуучу отунду иштеткендиги учун акы | | | |
| 14151200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо учун акы | 350,0 | 488,8 | 13,8 |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы учун акы | 1920,0 | 2462,3 | 542,3 |
| 14152900 | Жаратылыш активдерин пайдалануу учун дагы башка толомдор | | 5,3 | 5,3 |
| 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | | | |
| 14153900 | Дагы башка мулк ижарасы учун акы | | 265,9 | 265,9 |
| 14221900 | Дагы башка толомдор жана жыйымдар | 50,0 | 271,4 | 221,4 |
| 14224200 | Таштандыларды ташып чыгаруу учун жыйым | 285,0 | 237,5 | -47,5 |
| **1423** | **Акы толоонуучу кызмат корсотуулордон тушуулор -бардыгы** | **16077,7** | **12955,6** | **-3122,1** |
| 14231400 | Адистештирилген стационарларда медициналык жардамды корсотуу учун акы | | | |
| 14232100 | Окуу жайларда билим берууну корсотуу учун акы (ЖОЖ,КТО,ООЖ) | | | |
| 14232400 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат корсотуу акысы | 10800,0 | *8429,5* | -2370,5 |
| 14232800 | Маданият мекемелеринин залдарынын жана имараттарынын ошондой эле жабдууларын жана шаймандарын беру учун акы | 517,0 | *100,4* | -416,6 |
| 14232900 | Квалификацияланбаган билим беру жанан маданият кызмат корсотуулор учун акы | 460,7 | 328,9 | -131,8 |
| 14234700 | Мамлекеттик каттоо акысы | | | |
| 14236900 | Маалымат беруу жана басып чыгаруу боюнча кызмат корсотуу акысы | 4300,0 | 4096,8 | -203,2 |
| 14237500 | | | | |
| 14238900 | Кызмат коростуунун башка квалификацияланбаган турлору учун акы | 1600,0 | 1451,6 | -148,4 |
| 143 | Айыптар, санкциялар, конфискациялар | | | |
| 14311100 | Административдик айыптар | | | |
| 14311400 | Контролдук козомол чараларын жургузуудон тушуулор | | | |
| 14511100 | Мамлекеттин пайдасына алынган кирешелер | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Активдер жана милдеттенмелер** | **2750,0** | **1451,5** | **-1298,5** |
| 1111110 | Батирлерди сатуу | 1850,0 | 1050,2 | -799,8 |
| 31412110 | Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу | 900,0 | 401,3 | -498,7 |

## Чыгаша бөлүгү

| Элемент | Көрсөткүчтөрдүн аталыштары | 2021-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Такталган планы | Аткарылышы | % | Айырмасы (+,-) |
| 701 | **Мамлекеттик кызмат корсотуу** | **16606,8** | **16029,8** | **96,5** | **577,0** |
| 702 | **Коргоо** | **268,6** | **60,0** | **22,3** | **208,6** |
| 706 | **Турак жай** | **24681,9** | **22355,6** | **90,6** | **2326,3** |
| 708 | **Маданият жана спорт** | **11578,1** | **10128,0** | **87,5** | **1450,7** |
| 709 | **Билим беруу** | **25160,8** | **20084,6** | **79,8** | **5076,2** |
| 710 | **Социалдык жактан коргоо** | **3470,5** | **3462,7** | **99,7** | **7,8** |
| | **Жалпысы:** | **81766,7** | **72120,7** | **88,2** | **9646,0** |

*Тиркеме №2*

### Сүлүктү шаарынын 2022-жылга бюджетинин долбоору жана анын контролдук суммага салыштырмасы, жана 2023 -2024 жылдарга болжолдору

**Киреше бөлүгү**

| Элемент | Кирешенин аталышы | 2022 – жыл | | | Болжол | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2022-ж. долбоор | 2022-ж. КРФМ.Конт. сумма | Айырма (+,-) | 2023-жылга | 2024-жылга |
| | Жалпы киреше жана алынган расмий трансферттер | 61244,8 | 61244,8 | - | 63009,4 | 64364,8 |
| | Киреше жана актив, милдеттенмелер (1+3) | 58444,8 | 58444,8 | - | 60209,4 | 61564,8 |
| 1 | Кирешелер | 48702,1 | 48702,1 | - | 60209,4 | 61564,8 |
| 11 | Салыктык кирешелер | 48702,1 | 48702,1 | - | 50300,1 | 51463,1 |
| 11111100 | Салык агенти толонуучу киреше салыгы | 37160,0 | 37160,0 | - | 38758,0 | 39921,0 |
| 11121100 | Чакан ишкердик субьектери учун бирдиктуу салык | 5,1 | 5,1 | - | 5,1 | 5,1 |
| 11122100 | Милдеттуу патенттин негизинде салык | 289,6 | 289,6 | - | 289,6 | 289,6 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 4632,8 | 4632,8 | - | 4632,8 | 4632,8 |
| 11311200 | Ишкердик ишин учун пайдаланылган кыймылсыз мулкко салык | 230,1 | 230,1 | - | 230,1 | 230,1 |
| 11311300 | 3-топтогу ишкерлик иши учун пайдаланылган кыймылсыз мулкко салык | 0,4 | 0,4 | - | 0,4 | 0,4 |
| 11311 | Транспорттук каражаттарга салык | 3019,7 | 3019,7 | - | 3019,7 | 3019,7 |
| 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу жер салыгы | 257,0 | 257,0 | - | 257,0 | 257,0 |
| 11321200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу учун жер салыгы | 3,5 | 3,5 | - | 3,5 | 3,5 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу учун жер салыгы | 1407,3 | 1407,3 | - | 1407,3 | 1407,3 |
| 11412100 | Сатуудан салык | | | | | |
| 11462130 | Комур | 1681,6 | 1681,6 | - | 1681,6 | 1681,6 |
| 13 | Алынган расмий трансферттер | | | - | | |
| 11442490 | Дагы башка жер астындагы суулар | 15,0 | 15,0 | - | 15,0 | 15,0 |
| 14 | Салыктык эмес кирешелер | 2550,0 | 2550,0 | - | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ...200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо учун акы | 600,0 | 600,0 | - | 600,0 | 600,0 |
| ...152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы учун акы | 1950,0 | 1950,0 | - | 1950,0 | 1950,0 |
| 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын,имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | 55,0 | 55,0 | - | 55,0 | 55,0 |
| 14221900 | **Дагы башка төлөмдөр жана жыйымдар** | 150,0 | 150,0 | - | 150,0 | 150,0 |
| 14224200 | **Таштандыларды ташып чыгаруу учун жыйым** | 285,0 | 285,0 | - | 285,0 | 285,0 |
| 1423 | Акы толонуучу кызмат корсотуулордон тушуруулор | 17959,2 | 17959,2 | - | 17959,2 | 17959,2 |
| 14232400 | **Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат корсотуу акысы** | | | | | |
| 14232800 | **Маданият мекемелериндеги имараттарды, жабдууларды, шаймандарды беруу учун акы** | | | | | |
| 14236900 | **Газеталарга жазылуу жана сатуу, жарнак жарыялоо акысы** | 470,7 | 470,7 | - | 470,0 | 470,7 |
| 14238900 | **Кызмат корсотуунун башка классификацияланбаган турлору учун акы** | 4200,0 | 4200,0 | - | 4200,0 | 4200,0 |
| 14511400 | **Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр** | 2032,0 | 2032,0 | - | 2198,6 | 2391,0 |
| 3 | Активдер жана милдеттенмелер | 2800,0 | 2800,0 | - | 2800,0 | 2800,0 |
| 31111110 | Башка турак-жай имараттарын жана имарат жайларын сатуу | 2000,0 | 2000,0 | - | 2000,0 | 2000,0 |
| 31412110 | Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу | 800,0 | 800,0 | - | 800,0 | 800,0 |

**Чыгаша бөлүгү**

| Элемент | Корсоткучтордун аталыштары | 2022-жыл | | | Болжол | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2022-ж долбоор | Контр. сумма КРФМ. | Айырма (+,-) | 2023 жылга | 2024 жылга |
| 701 | **Мамлекеттик кызмат корсотуу** | **20425,0** | **20425,0** | - | **20425,0** | **20425,0** |
| 702 | **Коргоо** | **200,0** | **200,0** | - | **200,0** | **200,0** |
| 706 | **Турак жай** | **38101,5** | **38101,5** | - | **39866,1** | **41221,5** |
| 708 | **Физкультура спорт** | **591,9** | **591,9** | - | **591,9** | **591,9** |
| 708 | **Редакция шахтер жолу** | **655,7** | **655,7** | - | **655,7** | **655,7** |
| 710 | **Социалдык жактан коргоо** | **800,0** | **800,0** | - | **800,0** | **800,0** |
| | **Жалпысы:** | **61244,8** | **61244,8** | - | **63009,4** | **64364,8** |

*№3 тиркеме*

2022- жылга жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөрдөн

чегерүүлөрдүн ченемдери (пайыз менен)

| Кат. № | Кирешелердин аталышы | Өлчөө бирдиги | пайыз |
|---|---|---|---|
| 1 | Салык агенти тарабынан түшүүчү кирешe салыгынан | % | 100 |
| 2 | Сатуудан түшкөн салык | % | 0.0 |
| 3 | Роялти (көмүр) | % | 50 |

*№ 4 тиркеме*

2022- жылга жергиликтүү бюджеттерге пландуу түшүүлөрдүн

чегерүү ченемдери (пайыз менен)

| Кат. № | Кирешелердин аталышы | Өлчөө бирдиги | пайыз |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Жер салыгы | % | 100 |
| 2 | Мүлк салыгы | % | 100 |
| 3 | Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салыктан | % | 100 |
| 4 | Милдеттүү патенттөөнүн негизиндеги салыктан бирдиктуу салыктын негизинде келип түшүүлөрдөн | % | 100 |
| 5 | 1) кендерди иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү бюджетке<br>2) Кендерди иштеп чыгуу жери боюнча жергиликтүү бюджетке 20 пайыз өлчөмүндө. | %<br>%<br>% | 7<br>20 |

*№5 тиркеме*

2022- жылга Сүлүктү шаарында өзгөчө кырдаалдан сактоонунун жана алардын алдын алуу иштерине каржылоого жумшалуучу чыгымдардын эсеби. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 Мыйзамы жана 2010-жылдын 20-июлундагы №239 "жарандарды коргоо жонундогу" Мыйзамынын негизинде.

| Кат. № | Бардык чыгымдар | анын ичинен: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Автоунааны жалдоо | Бир жыл ичинде кырсыктан сактануу иштерине | Атайын өткөрүлүүчү окууларга | Башка тейлөө чыгымдарга | Эскертүү |
| | 100,0 | 10.0 | 70.0 | 20,0 | | |

*№6 тиркеме*

2022-жылга Сүлүктү шаарында Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 Мыйзамы жана 2010-жылдын 20-июлундагы №239 "Жарандарды коргоо жөнүндөгү" Мыйзамынын негизинде иш-чараларды жүргүзүүгө каржылоого жумшалуучу чыгымдардын эсеби

| Кат. № | Бардык чыгымдар | анын ичинен: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Автоунааны жалдоо | Бир жыл ичинде кырсыктан сактануу иштерине | Атайын өткөрүлүүчү окууларга | Башка тейлөө чыгымдарга төлөө | Эскертүү |
| | 100,0 | 10.0 | 80,0 | | 10.0 | |

*Тиркеме № 7*

Сүлүктү шаардык мэриясынын аппаратынын 2022-жылга типтүү түзүмү жана штаттык саны.
(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451, 2013-жылдын 8-июлындагы №403 жана 13-декабрь 2016-ж №669, 5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 токтому, КР. Мыйзамы 09.02.2009-ж №43)

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Мэр | 1 | |
| 2 | Биринчи вице-мэр | 1 | |
| 3 | Вице-мэр | 1 | |
| 4 | Аппарат жетекчиси | 1 | |
| 5 | Бөлүм башчы | 1 | |
| 6 | Башкы адис – юрист | 1 | |
| 7 | Башкы адис | 5 | |
| 8 | Жетектөөчү адис | 3 | |
| 9 | Адис | 1 | |
| | Жалпы: | **15** | |
| | Кызматкерлерди тейлөөчү персоналдар: | | |
| 1 | Башкы эсепчи | 1 | |
| 2 | Чарба башчысы | 1 | |
| 3 | Жетекчинин катчысы | 1 | |
| 4 | Оператор | 1 | |
| | Жалпы: | **4** | |
| | Техникалык персоналдар: | | |
| 1 | Айдоочу | 2 | |
| 2 | Кароолчу | 2 | |
| 3 | Имаратты тейлөөчү кызматкер | 1 | |
| 4 | Техничка | 1 | |
| 5 | Электрик | 1 | |
| | Жалпы: | 7 | |
| | ВУС КР. Мыйзамы 09.02.2009-ж №43 41-берене | | |
| 1 | Инспектор ВУС | **2** | |
| | Жалпысы: | **28** | |

*тиркеме №8*

Сүлүктү шаардык кеңешинин аппаратынын 2022-жылга типтүү түзүмү жана штаттык саны.
(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августу №452, 5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 токтому).

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Төрага | 1 | Шайлоо жолу менен |
| 2 | Жооптуу катчы | 1 | |
| 3 | Башкы адис | 1 | |
| 4 | Жетектөөчү адис | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Бардыгы: | 4 | |
| | Техникалык кызматкерлер: | | |
| 1 | Жетекчинин катчысы | 1 | |
| 2 | Айдоочу | 1 | |
| | Жалпы: | 2 | |
| | Жалпысы: | 6 | |

*тиркеме №9*

Кошбулак посёлкасынын аймактык башкаруусунун
2022-жылга типтүү түзүмү жана штаттык саны.
*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009 –жылдын 10 сентябрь №566* 5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 *токтому).*

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Аймактын башчысы | 1 | |
| 2 | Башкы адис | 1 | |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 | |
| 4 | Техничка | 1 | |
| | Жалпы: | 4 | |

*тиркеме №10*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн
2022 жылга кирешелери

| Катар номери | Кирешенин аталышы | Өлчөө бирдиги | Суммасы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Бардык кирешелер:<br>Анын ичинен: | миң. сом | 4900,0 | |
| 1 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы жана Мун.менчикте турган жайлардын, имататтардын, курулмалардын ижара акысы | -- | 1950,0 | |
| 2 | Дагы башка төлөмдөр жана жыйымдар | -- | 150,0 | |
| 3 | Башка турак жай иматтарын жана имарат жайларын сатуу | -- | 2000,0 | |
| 4 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу | -- | 800.0 | |

*тиркеме№11*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы
муниципалдык менчик бөлүмүнүн келишимдин негизинде
2022- жылга штаттык саны.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Кароолчу УКЖД | 1 | |
| 2 | Кароолчу (борбордук спорт аянты) | 1 | |
| 3 | Кароолчу (эс алуу лагери) | 2 | |
| 4 | Багбан, көмөкчү кызматкер (эс алуу лагери) | 1 | |
| 5 | Техничка | 1 | |
| | Жалпы: | 6 | |

Сүлүктү шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2022-жылга типтүү түзүмү жана штаттык саны.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Башчы | 1 | |
| 2 | Башкы адис | 1 | |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 | |
| 4 | Башкы адис (башкы эсепчи) | 1 | |
| 5 | Мат-дык. Эсепчи | 1 | |
| 6 | Эсепчи | 1 | |
| 7 | Техничка | 0,5 | |
| | Жалпы: | 6,5 | |
| | Жалпысы: | 12,5 | |

*тиркеме №12*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн
негизги каражаттарынын 2022-жылга сметасы.

| Катар номери | Чыгашанын аталышы | Статья | Суммасы |
|---|---|---|---|
| | **Чыгашалар, анын ичинен:** | | |
| 1. | Эмгек акы | 2111 | 1967,1 |
| 2. | Соц.фондко төгүмдөр | 2121 | 298,1 |
| 3. | Сапардык чыгымдар | 2211 | 130,0 |
| 4 | Байланыш м/н тейлөө кызматы | 2212 | 27,0 |
| 5 | Ижара акысы | 2213 | |
| 6 | Унаа м/н тейлөө кызматы | 2214 | 80,0 |
| 7 | Дагы башка кызмат көрсөтүү | 2215 | 2000,0 |
| 8 | Мүлктү учурдагы ондоого | 2221 | 50,0 |
| 9 | Учурдагы чарбалык максаттар учун, чарбаклык буюмдарды алууга | 2222 | 30,0 |
| 10 | Башка курулмаларды алуу | 3111 | 19893,6 |
| 11 | Машиналар ж\а жабдуулар | 3112 | 3245,0 |
| 12 | Башка негизги фонддор | 3113 | 90,0 |
| | **Жалпы:** | | 27810,8 |

*Тиркеме №13*

Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасынын
2022-жылга шаардын аймагын тазалоо үчүн штаттык бирдиктери.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Аймактарды тазалагыч | 8 | |
| 2 | Бакчы | 1 | |
| 3 | Электрик | 1 | |
| 4 | Жүктөөчү | 3 | |
| 5 | Грейдер айдоочу | 1 | |
| 6 | Куруучу | 1 | |
| 7 | Ондоп-түзөөчү | 2 | |
| | Жалпы: | 17 | |

*Тиркеме №14*

Сүлүктү шаардык "Сүлүктү-Тазалык" муниципалдык ишканасына караштуу Эс алуу багынын
2022-жылга штаттык бирдиктери.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Эс алуу багынын башчысы | 1 | |
| 2 | Электрик | 1 | |
| 3 | Кароолчу | 3 | |
| 4 | Көмөкчү жумушчу | 1 | |
| 5 | Багбан | 1 | |
| | Жалпы: | 7 | |

*Тиркеме №15*

Сүлүктү шаардык "Шахтёр жолу" газетасынын
2022-жылга типтүү түзүмү жана штаттык бирдиги.

*(2017-жылдын 18-августундагы № 495, 5.02.2020ж. №65, 23.01.2008ж.№22 Токтомдорунун негизинде)*

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Редактор | 1 | |
| 2 | Жооптуу катчы | 1 | |
| 3 | Эсепчи | 1 | |
| | Жалпы: | 3 | |

Шаардык кеңештин жооптуу катчысы М.Джураева